
# З - С




Автор: Гүлжан Ишеналиева

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# З - С

Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


"З - С", "Музоо", "Туздуу көл", "З-С кандай жазылат?", "Туздуу суу" (кыргыз тилинде), автор Гүлжан Ишеналиева, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom


# Музоо






– Зейнеп, мына биздин музоо.

– Ай-иий, татынакай музоо экен.






– Зуура, бул кайсы уйдун музоосу?

– Ал кызыл зоот уйдуку.

– Кайсы? Мүйү**з**ү жок уйбу?

– Ооба. Мүйү**з**ү жок уйларды "токол уй" дейби**з**.



# Туздуу көл






Туздуу көлдүн суусунда туз арбын. Минерал эриндилери суу менен келет.




Көлдөгү суу бууланып, туз топтолот. Туздуу көлдө минералдуу ылай пайда болот.

Ылай дары катары колдонулат. Тери, сөөк ооруларына пайдалуу.



# З-С кандай жазылат?





Сымбат ойлонуп жатты.
"Жазайм деп жазамбы?
Же жасайм деп жазамбы?"




– Кана балдар айткыла!

Сымбат "жазайм" деп жазабы?


Же "жасайм" деп жазабы?


Тузсуз, түссүз, сөзсүз сөздөрүн,

Сымбат туура жаздыбы?



# Туздуу суу







Туздуу суунун пайдалуу жактары көп.




Денеде жаракат болсо, ал жараны тазалоодо жардам берет.

Кебезди суулап, жараны тазалайбыз.

Жара бат бүтөт.





Туздуу суу кийимдин тактарын да кетирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли